# Легендарлуу сахна ханышасы
# Таттыбүбү Турсунбаевага 80 жыл



"Таттыбубу Турсунбаева" Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисткасы, улуттук театр жана кинонун көрүнүктүү актрисасы Таттыбүбү Турсунбаева 1944-жылдын 12-июлунда Жумгал района караштуу Чаек айылында жарык дуйного келген. Чаек айылында орус орто мектепте окуган.Чоң атасы, ошол кездеги атагы чыккан комузчу Турсунбай жаңы ымыркайга Таттыбүбү деген ат коет. Атасы Мырзаалы Токтогул Сатылгановдун шакирти болуптур. Ал эми апасы Калыйбүбүнү замандаштары Таттыбүбүдөй ажайып сулуу болгон дешет. Таттыбүбү төрт эркек бир туугандын арасында жалгыз кыз болгондуктан эрке, шайыр, тентек болуп өсөт. Агасы Нуркан менен өзгөчө ынак эле. Экөө мектептеги, райондук маданият үйүндөгү өздүк көркөм чыгармачылык ийримине жазылган. Экөө тең спортко кызыгып, баскетбол, волейбол боюнча мелдештерге катышат. Таттыбүбү 9-классында бийиктикке секирүү боюнча облустук жарышта 1-орунду алган. Республикалык кароо-сынакка да чогуу келип, агасы аккордеондо ойноп, Таттыбүбү "Гүлкайыр" деген ырды аткарып 1-орунду ээлешкен. 1960-жылы "Салиманын ыры" аттуу кыска метраждуу фильмге да экөө чогуу тартылышат.

Жылдызы эрте жанган тубаса талант 17 жашында Ташкенттеги А.Н. Островский атындагы Театр жана көркөм өнөр институтунун драма жана кино актёру

факультетине тапшырып. 1966-жылы Ташкенттеги А. Н. Островскийдин атындагы театралдык-сүрөтчүлүк институтунун актердук бөлүмүн бүтүрүп, чыгармачылык жолун Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрынан иштеп баштаган. Актриса өзүнүн аткаруучулук таланты жана сахнадагы жаркын ажары аркылуу республикабыздын театр көрөрмандарынын сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, эстен кеткис ажайып образдарды жараткан.





Ошол жылдан тартып көзү өткүчө Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында иштеген. Театр ишмерлери Таттыбүбүнүн чыгышы менен кыргыз театрына жаңы жылдыз келген деп айтып келишет. Театрда сулуу каармандарды кыйла жылдар бою аткарып келген Бакен Кыдыкееванын улгая баштаган учурунда Таттыбүбүнүн чыга келиши токтоло калган чыгармачылыкты кайрадан жандандыргандай болгон. Таттыбүбү ролдорду аткарганда, башкалардай өзгөчө көркөмдөбөстөн, жөнөкөй, турмуштагыдай ойночу экен. Ошондон улам, жагымдуу тембри, ачык дикциясы, улуттук акценти, аткаруу манерасы, жүрүм-туруму жүрөккө жетимдүү болгон дешет.

Ал өзү ойногон кейипкерлердин ролдорун жөнөкөй турмуш менен байланыштырып, ийине жеткире ойной билген. Ч. Айтматовдун Кызыл жоолук жалжалым спектаклинде Аселдин, М. Каримдин Ай тутулган түнүндө Шафактын, М. Байжиевдин Ар бир үйдө майрамда Мадинанын,Байыркы жомокто Зулайканын, К. Маликовдун Осмонкул тарыхыйдрамасында Бүбүнүн, В. Шекспирдин Ромео жана Жульеттасында Жульеттанын, Азоого чалмасында Бьянканын, А. Токомбаевдин Өлбөстүн үрөнүндө, Төрөкандын, Ш. Садыбакасовдун Ак боз атында Эркайымдын, Е. Шварцтын Кар ханышасында Ханышанын, А. Макаеноктун Трибуналында Надянын, Г. Лорканын Бернарда Альбанын үйүндө Амельянын, К. Мамбетакуновдун Омор Хаямдын махабаты спектаклинде Эльпинин жана башка көптөгөн спектаклдерде эстен кеткис элестүү ролдорду аткарган.





**Т.Турсунбаева апасы менен тушкон суроту** **Т.Турсунбаеванын агасы Н.Турсунбаев**

Сахнада бар болгону 15 жылдан ашык мезгил жашаган "Таттыбубу Турсунбаева" жеке эле театр сахнасында гана эмес, айрыкча кинодо гана түзгөн образдары аркылуу кино сүйүүчүлөргүнө да таанымал. СССР кинематографисттер союзунун жана Кыргызстан кинематографисттер союзунун мүчөсү болгон.

Кыргызфильм киностудиясында тартылган Отко таазим, Арман, Кызыл алма, Коңур күз, Саманчынын жолу, Процесс, Ак Мөөр, Сүйүү жаңырыгы, Атадан калган туяк жана башка фильмдердеги башкы көрүнүктүү ролдорду ойноп, көп кырдуу татаал, өлбөс образдарды жеткиликтүү аткарып, экранга алып чыккан сулуулугу менен элдин эсинде түбөлүккө сакталып калган кино жылдызы катары кеңири белгилүү.



"Таттыбубу Турсунбаева" Отко таазим аттуу фильмде Уркуянын ролун мыкты аткарганы үчүн 1971-1972-жылдары Тбилиси шаарында өткөн Бүткүл Союздук конкурста Советтик граждандын эрдигине деген диплом жана Кызыл алмадагы бейтааныш сулуунуи образы үчүн Швейцариянын Локарно шаарында өткөн 28-Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалда Ардак грамота менен сыйланган.

1974-жылы театр сахнасындагы жана кыргыз киноискусствосундагы сиңирген татыктуу эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы деген ардактуу наам ыйгарышган. Нукура галантты сыйлык менен ченеп да, өлчөп да болбойт. Талант үчүн сыйлык - анын эл ичинде көөнөрбөй, унутта калбай жашаганында. Анын ысымы кыргыз киносунда ар дайым сыймык менен аталып, тасмада жараткан кайталангыс образдары жүрөгүбүздө түбөлүккө жашай берет. Республиканын кинематографисстери ал жөнүндө даректүү фильм тартышса, акындар Ж. Мамытов, Э. Турсунов жана башкалар ага арнап ыр жазышкан.

Актрисанын жашоосунда таш жарган атагы менен кошо атаандашуу, ушак-айың, көралбастык да коштоп жүргөн. Жатындаш агасы Нуркан Турсунбаевдин айтымында 22 жашында, жаңыдан гүлдөй ачылып келе жатканында Ак Мөөрдүн образын жаратып, Ленин комсомолу сыйлыгына көрсөтүлгөн. Бирок орто жолдон бут тоскондордун көксөөсү канып, сыйлыкты ыйгарбай коюшат. Бул анын турмушундагы биринчи сокку болгон. "Уркуя" тасмасы тартылгандан кийин, тасма бүт Европаны кыдырып, биринчиликти алып келет. Ошол ийгиликтерден соң тасма жаратуучулар Токтогул сыйлыгын Таттыбүбүгө ыраа көрбөй коюшат.

**Таттыбүбүнүн сулуулугу душманына айланат.** Өмүрүнүн акыркы жылдары жалгыз турмуш кечирип, жалындаган таланттын айланасын атаандаштыктын ач карышкырлары тегеректеген дешет. Бул тууралуу агасы Нуркан Турсунбаев "Таттыбүбү апасы каза болгон соң 11ай өткөндөн кийин кете берди. Анчалык деле оор дарты жок эч капарсыз курортологияда жаткан жеринен тез жардам менен неврология бөлүмүнө алып барып, бир заматта өлтүрүп тынышты. Медицинада чоң сыр бар. Ким буйрутма берип өлтүрткөнү сыр бойдон калды" дейт.

Таттыбүбү каза болгондо Ала-Арча көрүстөнүнө эл артисттери гана коюлат деп орун бербей коюшуп, сөөгү Орок айылындагы көрүстөнгө коюлуп калат. Кийин тунгуч президент Аскар Акаев улуу талантты Ала-Арча көрүстөнүнө которууну сунуштаганда, Таттыбүбүнүн туугандары сөөктү каздырууну каалашкан эмес.

**Үй-бүлөсү**

Убагында Таттыбүбүгө ашыгын арткандар көп болгону анык. Эл ичинде ал белгилүү актер Болот Бейшеналиев менен сүйүү мамиледе болгон дешет. Экөө "Ак Мөөр" фильминде чогуу аткарышкан.

Бирок, актриса Болоттун досу, кесиптеши Имаш Эшимбаевге турмушка чыгып, экөө сегиз-тогуз жыл чогуу жашап бир уул, бир кыздуу болушат. Ажырашкандарына 7 жыл болгондо Таттыбүбү каза табат. Имаш болсо актрисадан кийин он жылдан соң бул жарык менен коштошот. Экөө Ташкенттеги театралдык институтта бирге окуган. Таттыбүбүнүн театрдагы ойногон биринчи ролу Чыңгыз Айтматовдун "Кызыл жоолук жалжалым" чыгармасындагы Аселдин ролу болгондуктан, жолдошу кызынын атын Асел койгон экен.

Экөө театрда бирге иштеп, айрым спектаклдерде чогуу ойношкон. Мисалга Шекспирдин "Ромео менен Жульеттасында" Таттыбүбү Жульеттанын, Имаш Эшимбеков Ромеонун; Мар Байжиевдин "Төрт адамында" бири Назинин, экинчиси Азиздин образын алып чыкканын айтса болот.



**Жолдошу Имаш Эшимбаев менен тушкон суроту**

Жубайлар Асел, Канат аттуу уул-кыздуу болушкан. Алар 10 жылдай гана чогуу жашап, балдары кичине кезинде түшүнбөстүктөн улам ажырашып кетишет.

**Атасын тарткан кызы, энесинин элесин берген уулу.** Кызы Асел Эшимбекова "Махабат дастанындагы" Бегимайды, "Сүйүү закымдарындагы" Алтынбүбүнү ойногон. Энеси Таттыбүбү Турсунбаева чолпондой жанып турган убагында мезгилсиз дүйнөдөн кайтканда, калайык калк "кызы эми актрисанын ордун жоктотпойт" деп турганда белгилүү ишкер Урмат Барыктабасовго турмушка чыгып кеткен. Ошондо айрымдар "туура кылды, болбосо ар ким сулуулугуна көз артып отуруп энесинин тагдырын кайталап калмак" деп айтышкан экен.



Асел учурда үй-кожойкеси. Жолдошу менен бир уул, эки кызды тарбиялап келет. Алгач жолдошу Урмат Барыктабасов болочок жубайын тасмалардан көрүп сүйүп калып, 10 жыл издептир. Таба албай башкага үйлөнүп, бир уулдуу болгондон кийин ажырашып кетет. Ошондо тааныштарына "Аселди таап берсеңер, бир машина берем" дейт. Достору аркылуу таанышып, эки жылдан кийин баш кошушат.

Асел Эшимбекова басылмаларга берген интервьюларынын биринде "Таттыбүбүнүн кызы десе эл укмуш бир айдай сулууну элестетишет. Ким кандай жагынан карабасын, апамдын ордун баса албасымды билем" деп айтканы бар.

Таттыбүбү менен Имаштын кичүү уулу Канат Медициналык институттун стоматология бөлүмүн бүтүрүп, жеке ишкерлик менен алектенет. Үч эркек, бир кыздын атасы. Келбет жагынан Канат апасын, Асел атасын тарткан.

Таттыбүбү Турсунбаева 1981-жылы 21-декабрда 37 жашында мезгилсиз дүйнө салган.

Ал көз жумганда, курсташы Жумабек Козукеев мүрзөсүнүн башында:

***"Токтолуп сокпой жүрөгү,***

***Соң-Көлдүн кетти чүрөгү"*** – деп айткан.

Таттыбүбү Турсунбаева тууралуу эл оозунда Таттыбүбүнү "ак куу" деп да айтышат, анткени кыргыз маданиятында ак куу эң эле татынакай жана назик куш. Ак куунун моюну узун, Таттыбүбүнүн дагы моюну узун болгон. Буга байланыштуу мындай ыр саптары айтылат "Адашкан аркар сыяктуу, арманда кетти бир ак куу".

Таттыбүбү Турсунбаеванын ысымы Чаек айылындагы мектепке берилген жана Жумгал районундагы «Соң-Көл» кино театрына Таттыбүбү Турсунбаеванын ысымы ыйгарылып, борбор калаабызга бюсту тургузулган.

## Театрдагы ролдору

Таттыбүбү Турсунбаева сахнада керемет ролдорду жараткан. Алардын көбү дүйнөлүк жана советтик классикалык чыгармалардагы образдар: Асел (Ч.Айтматов, "Делбирим"), Кар канышасы (Е.Шварц, "Кар канышасы"), Бьянка (У.Шекспир, "Азоого чалма"), Нази (М.Байжиев, "Эрөөл"), Бүбү (К.Маликов, "Осмонкул"), Төрөкан (А.Токомбаев, "Өлбөстүн үрөнү"), Гүлмайра (Т.Абдумомунов, "Жыгылган оогонго күлөт"), Лайлум (Ш.Садыбакасов, "Ак боз ат"), Эркеайым (Ш.Садыбакасов, "Ак боз ат"), Жульетта (У.Шекспир, "Ромео менен Жульетта"), Чолпон (К.Маликов, "Бийик жерде"), Шафак (М.Карим, "Ай тутулган түндө"), Зулайка (М.Байжиев, "Байыркы жомок"), Анвар (Ч.Айтматов менен К.Мухаммеджанов, "Фудзиямада кадыр түн"), Дездемона (У.Шекспир, "Отелло"), Амелия (Г.Лорка, "Бернарда Альбанын үйү"), Элпи (К.Мамбетакунов, "Омар Хайямдын махабаты"), Мадина (М.Байжиев, "Ар бир үйдө майрам"), Зулайда (Т.Абдумомунов, "Машырбек үйлөнөт"), Фелисьяна (Лопе де Вега, "Бий мугалими") жана башкалар.

## Кинофильмдердеги ролдору

Атактуу артист кинотасмаларда да кайталангыс, эстен кеткис образдарды жараткан. Алсак: Салима ("Салиманын ыры"), Айзада ("Эң тил алчаак"), Толгонайдын жаш кези ("Саманчынын жолу"), Акмөөр ("Акмөөр"), Уркуя ("Отко таазим"), Зейне ("Ак куулар конгон айдың көл"), Жээнгүл ("Атадан калган туяк"), Асия ("Сүйүү жаңырыгы"), Бейтааныш сулуу ("Кызыл алма"), Зулайка ("Процесс") ж.б.

Маалыматты даярдаган А.Акматова